УДК 159.9.01.37.013
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-362-366

**АБДЫМОМУНОВА Г.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**АБДЫМОМУНОВА Г.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**ABDYMOMUNOVA G.A.**
KNU named after J. Balasagyn

# Ж. БАЛАСАГЫНДЫН "КУТ АЛЧУ БИЛИМ" ЧЫГАРМАСЫНЫН АДАМ БАЛАСЫНЫН ПСИХОЛОГИЯСЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## ВЛИЯНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЯ Ж. БАЛАСАГЫНА "БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ" НА ПСИХОЛОГИЮ ЧЕЛОВЕКА

## THE INFLUENCE OF BALASAGYN'S WORK "BLESSED KNOWLEDGE" ON HUMAN PSYCHOLOGY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Ж. Баласагындын философиялык ырларынын психологиялык мааниси талдоого алынды. Адамзат коомундагы саясий-экономикалык, социалдык-турмуштук, психологиялык, маданий-этникалык, укуктук, диний мамилелердин туура түзүлүшүн, автор чыгарманын башынан аягына чейин каармандардын диалогу аркылуу берип, адам баласын адилеттүүлүккө, сабырдуулукка, дөөлөттү көтөрө билүүгө, каниет кылууга, чынчылдыкка чакырган. Айрыкча бийликтеги адамдардын психологиясы кеңири берилген. Падышанын элге карата кылган чынчылдык мамилеси бир гана элге эмес, өзүнө дагы бакыт-таалайды, жакшылыкты алып келээри айтылган. Байыркы замандан сакталып келаткан араб, фарси, түрк элдеринин тарыхый маалыматтары, чыгармалары кыргыздын калктын ыйык мурасы, табылгасы, рухий дөөлөттөрү, жан дүйнөсү, философиясы болуп келе жатат. Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим" чыгармасы философиялык кредосун кыскача квиетизмден – гумманизмге карай барган деп туюндурсак болот.

**Аннотация:** В статье проанализирован психологический смысл стихотворений Жусупа Баласагына. Автор дал правильную структуру политико-экономических, общественно-бытовых, психологических, культурно-этнических, правовых, религиозных отношений в человеческом обществе через диалог персонажей от начала и до конца произведения, призывая человека к справедливости, терпимости, способности нести бремя, удовлетворению и честности. Особенно подробно представлена психология людей, находящихся у власти. Говорили, что честное отношение царя к народу принесет счастье и добро не только народу, но и ему самому. Исторические данные и произведения арабского, персидского и турецкого народов, сохранившиеся с древнейших времен, являются священным наследием, раскрывающим духовное богатство, менталитет и психологию кыргызского народа. Можно сказать, что произведение Жусупа Баласагына «Кут алчу билим» - это переход от квиетизма к гуманизму.

**Abstract:** The article analyzes the philosophical meaning of J. Balasagyn's poems. The author gave the correct structure of political-economic, social, everyday, philosophical, cultural-ethnic, legal, religious relations in human society through the dialogue of characters from the beginning to the end of the work, calling on a person to justice, tolerance, ability, satisfaction and honesty. The philosophy of power is described in particular detail. They said that the king's honest attitude towards the people would bring happiness and goodness not only to the people, but also to himself. Historical data and works of the Arab, Persian and Turkish peoples, preserved from ancient times, are the sacred heritage, discoveries, spiritual wealth, mentality and philosophy of the Kyrgyz people. We can say that Zhusup Balasagyn's work "Kut Alchu Bilim" moved from quietism to humanism.

**Негизги сөздөр:** психология; философия; гумманизм; чыгарма; бийлик; байлык; адеп; рухий байлык; коом; тарбия; билим.

**Ключевые слова:** психология; философия; гуманизм; труд; власть; богатство; мораль; духовное богатство; общество; воспитание; наука.

**Keywords:** psychology; philosophy; humanism; labor; power; wealth; morality; spiritual wealth; society; education; science.

Биздин ата-бабаларыбыз куттуу, касиеттүү сөздөрдөн тарбияланып, таалим алганды, ал жагымдуу жана таасирдүү таалимдин жибек учугу урпактан урпакка уланып, биздин күнгө жеткендигине бүгүн өзүбүз окуп жаткан акылман акын бабабыз Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны айкын күбө! Академик Т. Сыдыкбеков баса белгилегендей: Байыркы замандан сакталып келаткан араб, фарси, түрк элдеринин тарыхый маалыматтары, чыгармалары кыргыздын калктын ыйык мурасы, табылгасы, рухий дөөлөттөрү, жан дүйнөсү, философиясы болуп келе жатат [8, 3-б.].

Кыргыздын белгилүү философу А. Адбыкадыр Бекбо Ж. Баласагындын “Кут алчу билим” чыгармасына жазган кириш сөзүндө: Жусуп Баласагындын философиялык кредосун кыскача тынчтыкты кабыл алуу (квиетизм) концепциясынан гуманизмге өтүү деп мүнөздөсө болот. Анткени ал өзүнүн окуусунда замандаштарын жана кийинки муундарды, жалпы эле адамзатты поэтикалык формадагы кооз ой-толгоолору менен орто кылымдагы расмий диний идеологиянын бир маанилүү жобосунан, тагыраагы, жашоонун кыйынчылыктарына кайдыгер мамиле жасап, жаратканга гана ишенип, анын эркине баш ийип жашоону талап кылган квиетизмден четтейт. Анын ордуна, ал өмүрдү, жашоону жана адамды баалап, сүйүүгө үндөгөн гуманизмге чакырат [2, 67-б.].

Жусуп Баласагын өз чыгармаларында бир гана өкүмдарлардын же бектердин жүрүм-туруму жана адеп-ахлактык сапаттары тууралуу сөз кылып чектелбестен, коомдогу башка социалдык катмарлардын да ордуна жана алардын адеп-ахлактык нормаларына чоң маани берет [5, 67-б.]. Ал ошондой эле жакшылык менен жамандык, адептүүлүк менен адепсиздик, жоомарттык менен сарандык, сабырдуулук менен шашмалык сыяктуу түшүнүктөрдүн карама-каршылыктарын кеңири талдап, терең ой жүгүрткөн. Мындай чыгармалар окуучулардын акыл-эстүү жана адептүү болуп өсүшүнө чоң өбөлгө түзөт.

Жусуп Баласагындын пикири боюнча, баланын тарбиясы негизинен анын үй-бүлөсүнө жана чөйрөсүнө байланыштуу. Бала жашаган айлана-чөйрө жана үй-бүлө анын мүнөзүн жана адеп-ахлагын калыптандырууда чечүүчү роль ойнойт.

Автордун көз карашы боюнча, бала ата-эненин кубанычы гана болбостон, аны тарбиялоо көп күчтү талап кылган татаал милдет. Өсүп келе жаткан балага татыктуу тарбия берүү – бул ата-эненин эң негизги жоопкерчилиги. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасында балага туура тарбия берип, аны жакшы адам кылып калыптандыруу боюнча практикалык кеңештер берилген.

Жусуп Баласагын адамдагы эң жогорку сапат акыл деп эсептеген. Анын оюу боюнча, акыл гана ааламдын ар түрдүү сырларын түшүнүүгө жардам берет. Ал муну: "Акыл чырак, күүгүмдө сокурга көз, денеде жан, үндөбөс дудукка сөз" деп символикалык түрдө баяндаган. Кыргыздын көрүнүктүү адабиятчысы К. Артыкбаев өзүнүн эмгегинде: "Көркөм адабият адамдардын аң-сезимин, көз карашын калыптандыруучу күч болуп саналат. Ал жакшылык менен жамандыкты, адилеттик менен адилетсиздикти, эзүү менен эзилүүнү, кайгы менен кубанычты, акылмандык менен акмакчылыктын карама-каршылыктарын кеңири талдайт" деп баса белгилеген [4, 53-б.].

Адам баласы өзүнүн акыл казынасын өмүр бою билим менен байытып турууга тийиш. Жусуп Баласагын энеден көзүн ачкан бала билим менен дүйнөнү тааныйт деп эсептеген. Анын чыгармасында билимдүү болуу өзгөчө маанилүү деп белгиленип, бул теманын маңызын терең ачып берген. Баласагын билимдүү жана акылман адамдын мүмкүнчүлүктөрү чексиз экенин төмөнкү саптар аркылуу жеткирген: "Билимдүүнүн сөздөрү суудай аккан, Жер ичип, шалбаа көктөп гүлүн ачкан. Билимдүүнүн жакшы сөзү арыбайт, Булак суусу эч тартылбайт, карыбайт" [4, 34-б.].

Жусуп Баласагындын этикасында акыл жана билим адамдын эң башкы баалуулугу катары көрсөтүлгөн. Ал адамдын бактысын нравалык идеал деп баалаган жана адептүүлүккө жетүүнү негизги максат катары койгон. Ойчул ар бир адамдын жашоосунда адептүү касиеттерди өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилеп, адамгерчилик сапаттардын чечүүчү ролун ар кандай мамилелерде, анын ичинде саясатта да көп жолу эскерткен.

"Бирди билген – тирик, Миңди билген – билик" деген байыркы сөз акылмандыкты жана тажрыйбаны даңазалайт. "Бирди билген – тирик" деген сөз жөн гана күнүмдүк турмуштагы негизги нерселерди билип, жашоо кечирген адамды сүрөттөйт, ал турмуштук зарылчылыктарды

канааттандырып, берилген тапшырмаларды аткарууга жетиштүү деп эсептелген. Ал эми "Миңди билген – билик" – терең тажрыйбаны жана бай билимди өздөштүргөн адамды көрсөтөт. Мындай адам эзелтен эле элдин тарыхын, турмушун, маанилүү окуяларды терең аңдап, акылмандыгы жана тажрыйбасы менен бөлүшкөн. Булар даанышман ойчулдардын осуяттары, эр жүрөк баатырлардын эрдиктери, айкөл кол башчылардын тарыхый ролу, зергер усталардын чеберчилиги жана дарыгерлердин дарыгерлик өнөрү менен байланышкан [6, 47-б.].

Адам-билик – өз тажрыйбасын жана билимди муундарга жеткирип, жакшылыкты жайылтып, терс иштерден сактанууга жол көрсөткөн инсан катары бааланган. Илим-билим – бул адамдын рухий жолун жарык кылуучу чырак сыяктуу баалуу болгон. Жусуп Баласагындын чыгармасында макал-ылакаптар жана учкул ойлор аркылуу бул акылмандык кеңири чагылдырылган. Байыртан эле кара сөздүн күчү балдарды тарбиялоодо таасирдүү курал болуп келген, ал алардын жан дүйнөсүн тереңирээк түшүнүүгө жана акыл-эсин өнүктүрүүгө кызмат кылган.

Толугураак маалымат алуу үчүн бул жерди басыңыз:

Жакшынын сөзү көзүндү ачат,

Жамандын сөзүнөн кутуң качат [6,78-б.].

Ушул накыл сөздөрдү энемден укканда, «Ии, бардык жакшылык, бакыт жана илим-билим куттуулукта экен да» деген ой кичинекей кезимден жадымдан чыкпай калды. Эс тартып чоңойгон сайын, "кут качканы – бактысыздык" деген түшүнүк менин оюмда бекем орноп, куттун касиети кеп-сөздө, илим-билимде деген ишенимге бекем ишенген сайын, айланадагы сезимтал адамдар жай сүйлөшкөн маектерде жандуу кеп-сөздү шурудай чубуртуп, байыркы окуяларды көз алдыга сүрөттөгөндө, сөздүн күчү өткөн доорлорду жана тарыхый окуяларды кадимкидей элестетчү болду.

Мындай сөз күчү аркылуу, унутта калган тарыхый окуялар жана өткөн замандар кайрадан жанданып, акыл-эсибизге терең таасир этет. Ошондуктан, куттуу сөз жана илим-билим – адамдын рухий байлыгынын негизи болуп саналат [7, 8-б.].

Адилет атка мингизет.

Ач көздүк көргө киргизет.

Ырыс, дөөлөт — төрдө ойногон эгиз уул.

Касиетүү карын тойгузат.

Анан касиеттүү чапан жабат.

Мындан тогуз кылым мурда жаралган бул дастандын автору Жусуп Баласагын өзү аныктагандай: Төрт өзөк бул китепти түзгөн негиз:

1. Адилет – Кунтууду өкүм бийликти ак өтөөгө милдеттүү, ак жолду жаза баспас адил, өкүмдар аким ысмы.
2. Айтолду – өкүмдар акимге ырыс, дөөлөт берээр башкы вазир ысмы.
3. Акдилмиш – ак караны айра билген, дили ак таза адам.
4. Өткүрмүш – байлыкка, мансапка кызыкпас, кумарга алданбас каниет ысмы.

Ар күнү таң агарып, ааламга нурун төккөн Күн сыяктуу эле адам рухундагы адилдик, тазалык, асылдык жана касиет да тынбай өсүп турушу керек. Жусуп Баласагын бул ойлорду өзүнүн «Куттуу билим» чыгармасында кеңири баяндап, адамдын өзүнө, анын урпактарына, жаратылышка, жаныбарларга, жерге, сууга жана ааламдагы кубулуштарга карата мамилеси асыл болушун баса белгилейт. Адамдын асыл сапаттары айкөлдүктө, билгичтикте жана адамгерчиликте чагылдырылат. Бул баалуулуктар илим-билим аркылуу арта берерин баяндайт жана алардын башаты куттуулукта деп түшүндүрөт. Жусуп Баласагын «Куттуу билим» чыгармасында: «Түрк сөзүнүн көркүнө нак тунарсып...» деп өз элине жана журтуна кайрылып, аларды бул асыл баалуулуктарды сактоого чакырат.

Бул чыгармасы аркылуу ал куттуулукту жана билимдин күчүн даңазалап, өз заманынын жана андан кийинки муундардын рухий азыгы катары калтырган.

Эске тут, бул китепти жазып койгон,

Атактуу сыпаа сөзмөр адам болгон.

«Кузөрдө» анын туулуп ескен жери,

Жатык тил, учкул сөздүү тууган эли [6, 78-б.].

Бул асыл китеп – "Куттуу билим" – акын Жусуп Баласагындын терең философиялык көз карашын, илим-билимге жана акылмандыкка болгон жогорку баасын чагылдырат. Анын тилеги, китеби билим деңизи болуп, акыл-эстүү адамдарга багыт берсе деген каалоосу, бүгүн тогуз кылым

өткөндөн кийин дагы актуалдуу бойдон калууда. Бул убакыт аралыгында китепти түшүнүп, баалагандар өздөрүнүн руханий дүйнөсүн жакшылык үрөөнү менен байытып келишет. Ал эми караңгылыкта, илимдин жана акылмандыктың нурунан алыстагандар руханий жактан жарды бойдон кала беришет. Жусуп Баласагын мал-мүлктүн жетишсиздиги чыныгы кемтик эмес, чыныгы жарды болуу – руханий жакырлык деп баса белгилеген. Руханий жакыр адам өзүнөн жакшы сапаттарды өстүрө албай, акыры пас, шордуу абалга түшүп калат.

Бул түшүнүк, Баласагындын өзүнө чейин эле оозеки түрдө айтылып келген акылман сөздөрдүн күчүнө болгон терең ишенимин көрсөтөт. Анын ишеними боюнча, сөздүн күчү адамдын ички дүйнөсүн ойготуп, жакшылыкка жетелейт. Адамдын эң күчтүү куралы – анын тили, ал аркылуу адам өз оюн, билимин, акылмандыгын жеткирет. Жусуп Баласагындын ою боюнча, акылдуу сөз жана тилин байытуу адамды даанышман жана урматтуу адам катары көтөрөт, анын сырткы келбети кандай болбосун [3]. Сырт келбетине гана ишенбестен, адамдын интеллектуалдык жана руханий өнүгүшүбүздүн маанисин баса белгилейт. Алгачкы сөздөрдө адамдын сырт келбетинин жана мүнөзүнүн, ошондой эле акыл-ойунун терс сапаттары тууралуу сөз болуп жатат. "Тантык", "жагымсыз" деген сөздөр аркылуу автор адамдардын кандай болбосун, берекелүү жемиш өлкөсүндө өсүп-жетилген, бири-бирине жардам берип, өнүгүшкө умтулган киши болушу керектигин белгилеп отурат.

«Куттуу билимдин» каармандары аркылуу автор акыл-ойдун, чынчылдык, акыйкат ж.б. сыяктуу касиеттеринин адамдын ийгилигине кошумча киреше киргизүүсү керектигин көрсөтөт. Алардын ар бири адамдын мүнөзүн, инсандык сапаттарын ачыктап, жакшы жактарын тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

Ошентип, текстте айтылгандай, сырт келбет, жакшы пикирлер да, бирок акыл-ой жана руханий дөөлөттөр болбосо, адамдын чыныгы баалуулугу, адамдык сапаты кандай болоорун көрсөтүп турат. Кыскача айтканда, адептүүлүк, билимдүүлүк жана акыл-эстүү кишилердин башкаруусу бул дүйнөнүн гармониясына алып келет.

Караңгыга жарык чачкан сез касиети,
Чөлдөгөндүн суусунун кандырган да сөз кубаты.
Өлгөндү тирилткен да сөз таасири, сөз күчү! [6, 3-б.]

Сөз – бул бардык имараттардын эң жарык, таасирдүү жана түбөлүктүү курулушу деп айтылган. Жусуп Баласагын өзүнүн улуу чыгармасы "Куттуу билимде" акылман хандан, баатыр жол башчыдан, катардагы жоокерден, дыйкандан, өнөрмандан баштап, коомдогу ар бир катмарга чейин адамдардын ортосундагы социалдык жана руханий мамилелерди талдап, тарбия берүүдө алардын маанилүүлүгүн баса белгилейт. Бул чыгармасында ал адеп-ахлактык нормалар, коомдук тартип жана ар бир адамдын коомдогу орду тууралуу терең ойлорду айтат. Автор адеп-ахлактын тамырларын, ар бир социалдык ролдун маанилүүлүгүн жана адамгерчилик менен акылмандуулуктун зор маанисин баса белгилеп, бул сапаттар бийликтин да, жөнөкөй адамдардын да өмүрүндөгү негизги баалуулуктар деп түшүндүрөт [1, с. 67].

Жусуп Баласагындын түшүнүгүндө, адамдын жашоодогу эң негизги максаты – жакшы иштерди жасоо жана адамгерчилик менен өмүр сүрүү. Адам өз өмүрүн адептүүлүккө жана адамгерчиликке багыттаганда гана анын жашоосу мазмундуу жана урматка татыктуу болот. Улуу ойчул акын ар бир адам өзүнүн инсандык милдеттерин аткарып, жарык дүйнөдөн өтүүдө адамгерчиликтин баалуулуктарын бийик тутунушу керектигин баса белгилейт [7, 67-б.].

Ошондой эле Жусуп Баласагын акылдуулук менен айтылган сөз адамдын кадыр-баркын жана атак-даңкын арттыраарын айткан. Ал эми ойлонбой айтылган орунсуз сөз адамды азапка кириптер кылат деп эскерткен. Анын чыгармасында жөнөкөйлүк, кичипейилдик жана мээрмандык эң жогорку нравалык касиеттер катары көтөрүлөт. Акын ар бир адам, анын ичинде бийликтегилер дагы, эң биринчи кезекте жөнөкөй, кичипейил жана адептүү болушу керектигин белгилеген. Ал жөнөкөйлүктү адеп-ахлактык жакшы жөрөлгөлөрдүн башаты деп түшүнгөн.

Бул ой-пикирлер орус тарыхчысы А. Абрамзондун дагы кыргыз адабиятынын өзгөчөлүктөрү жана философиялары тууралуу жазган ойлору менен шайкеш келет. Ал кыргыз элинин чыгармаларынын өз алдынча жана оригиналдуу мүнөзгө ээ экендигин баса белгилеген.

Адилеттүү болуп турса бек киши,
Ошончолук жыргал болот эл ичи [11].

"Кут алчу билим" дастанынын сюжети жана композициясы татаал эмес көрүнгөнү менен, анын ичинде терең философиялык маселелер камтылган. Адам жашоосу, өлүм, бийлик, байлык, боорукердик, ыйман, маданият, эмгекчилдик сыяктуу түшүнүктөргө байланыштуу жандырмактар

берилет. Мисалы, дастанда мындай саптар бар: "Жакшы тагдыр жолдосо, үгүт насаат, Өлгөн жүрөк тирилет кайра жашап..." Бул саптарда акын, эгерде адамдын жанында акылдуу жана жакшы адамдар болсо, жакшы кеңештер менен ал адамдын жашоосу үмүттүү жана тирүү болору айтылат. Ал эми "Ишенесиң кээде сен чагым сөзгө" деген саптарда, адам ушак сөзгө канчалык маани бербесе дагы, анын пейилине таасир этип, сезимдерин бузушу мүмкүн экени айтылат.

Бул чыгармадан Жусуп Баласагын адамдын жашоосундагы туура жана туура эмес тандоолордун, акылмандуулуктун жана чындыкка жакын жашоонун маанисин өзгөчө баса белгилегенин көрүүгө болот.

Кыскасы, адамзат коомундагы саясий-экономикалык, социалдык- турмуштук, философиялык, маданий-этникалык, укуктук, диний мамилелердин туура түзүлүшүн, автор чыгарманын башынан аягына чейин каармандардын диалогу аркылуу берип, адам баласын адилеттүүлүккө, сабырдуулукка, дөөлөттү көтөрө билүүгө, каниет кылууга, чынчылдыкка чакырган. Айрыкча бийлик философиясы кеңири берилген. Падышанын элге карата кылган чынчылдык мамилеси бир гана элге эмес, өзүнө дагы бакыт- таалайды, жакшылыкты алып келээри айтылган.

Учурдагы ааламдашуу мезгили, улуу ойчулдардын ой-түрмөктөрүн дүйнөнүн кайсы алкагында болбосун чогултуу менен аларды жаш муундарды тарбиялоодо концепциялар иштелип чыкса жакшы натыйжа бермек деген пикирге келебиз.

Илимий-техникалык прогресс, интернет, коммуникациянын оперативдүүлүгү жана электрондук нукта катуу өсүп жатышы элдердин ой казынасын жакындаштырууга, концептосфераларын идентификациялоого чоң түрткү болмок [10].

**Колдонулган адабияттар**

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Бишкек: Кыргызстан, 1990, 480 с.

2. Бекбо А. Кут белгиси билик. – Бишкек,1993, 27-б.

3. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. – Бишкек: “Адабият”, 1991, 31-б.

4. Артыкбаев К. Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004, 14-б.

5. Козубаев Т. Уядан эмнени көрсө учканда ошону алат же Жусуп адепти кандай баалаган // Кутбилим газетасы, 1994; ЖАМУнун Жарчысы, 2016, № 2, с. 53.

6. Козубеков Т. Куттуу билим. Дастан/Байыркы түрк тилдеринен которгон, 1993, с. 45.

7. Сатыбекова Т. Жусуп Баласагындын тарбия жөнүндөгү ой толгоосу // “Эл агартуу” журналы. – Бишкек, 1994, № 6.

8. Сыдыкбеков Т. Табылга. Макалалар жыйнагы. – Бишкек: Адабият, 1991, 53-б.

9. Байтокова А.С. Жаш муундарды калыптандыруудагы элдик педагогиканын ролу // Вестник КНУ, 2023, № 2, 303 с.

10. Айтибаева Ж.К., Мураталиева У.Т. Концепт, концепттер алкагы жана дүйнөнүн когнитивдик тилдик сүрөтү // Вестник КНУ, 2022, № 4, с. 35.

11. Дөөлөтбакова Р.Ж. Жусуп баласагын – мамлекеттик жана коомдук ишмер // Вестник КНУ, 2022, № 3(111), с. 29-34.